**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**
**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТ**

Диссертациялык кеңеш **Д 07.23.674**

Кол жазма укугунда

**УДК УДК: 39:667.272(575.2) (043)**

**БЕКСУЛТАНОВА ЧИНАРА ДАМИРОВНА**

# КЫРГЫЗ КООМУНДАГЫ ШЫРДАК ЖАСОО САЛТЫ
(XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)

**07.00.07 – этнография, этнология жана антропология**

Тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иштин

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**Бишкек – 2025**

Диссертациялык иш Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун Этнология бөлүмүндө аткарылды

**Илимий консультант:** **Асанканов Абылабек,** тарых илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун директору

**Расмий оппоненттер:**

**Жетектөөчү мекеме:**

Диссертация 2025-жылдын "_____" __________ саат _______ Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 07.23.674 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Коргоонун онлайн шилтемеси: https://vc.vak.kg/b/072-tsx-zg7-bvj

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында (720071, Бишкек ш., Чүй просп., 265 а.), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин китепканасынан (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547) ошондой эле https://vak.kg/ сайтынан таанышууга болот.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**т.и.д., доцент:** **Бикбулатова А.Р.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Эл калыптангандан тарта жаратып келген этностун маданий мурасы ар кандай тарыхый бурулуштарга жана кескин толкундоолорго карабастан, сакталып жана урпактарга өтүп келатат. Бул ар бир этноско өз иденттүүлүгүн  сактап калууга жардам берген мурас.

XIX кылымдын аягында – XX кылымдын башында  кыргыз элинин жашоо-турмушу миңдеген жылдардагыдай эле кыргыз этносунун социалдык-экономикалык, географиялык шарттарына ылайык калыптанган көчмөн жана жарым көчмөн малчылыктын үстөмдүк кылышы менен аныкталган. Кыргыздардын көпчүлүк бөлүгү чарбанын көмөкчү тармактары болгон аңчылык жана дыйканчылык менен да алектенишкен.

Изилденип жаткан мезгилде боз үйдүн кийиз жабууларын, үйдүн ичин жасалгалоо үчүн кийизден ар кандай буюмдарды жасоо кыргыздардын жашоо-турмушун камсыз кылууда милдеттүү иш болгон. Кийиз килемдер-ала кийиздер, шырдактар ырым-жырымдарда колдонулган, салттуу жөрөлгөлөрдүн милдеттүү бөлүгү болгон

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө жана суверендүүлүккө ээ болуусу менен кыргыз маданиятын, тилин, адабиятын жандандыруу башталды. Этномаданий мурасты изилдөө, жандандыруу жана сактоо маселеси, аны этностук маданиятты өнүктүрүүдө натыйжалуу пайдалануу өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда. Улуттук баалуулуктар өзгөчө идеяларга жана туруктуу элдик каада-салттарга негизделген руханий маданияттын ажырагыс бөлүгү болуп саналаары белгиленген[1].

Бүгүнкү күндө ааламдашуу жана социалдык өзгөрүүлөр менен бүгүнкү дүйнө карама – каршылыктуу доорду баштан кечирип жатат, анда бир жагынан ар кандай маданияттар менен жамааттардын ортосунда диалогдун өнүгүшү үчүн шарттар түзүлсө, экинчи жагынан, кабыл алынган идеалдар менен тез алмашып жаткан салттуу нерселердин бузулуу жана жок болуу кубулуштары пайда болууда. Ошондуктан, ааламдашуунун социалдык-маданий процесстерге тийгизген таасиринин оң жагы да,  терс жагы  да байкалат. Баарынан мурда, бул элдик кол өнөрчүлүктүн айрым түрлөрүнүн,  анын ичинде шырдак жасоо өнөрүнүн да, жок болуп кетүү коркунучу пайда болду.

Кыргыз элинин турмушундагы шырдак жасоо салтынын жана муундардын жолун жолдоочулугун шарттаган ага байланыштуу салттуу билимдердин маанилүүлүгүн жана маанисин түшүнүү менен Кыргызстан 2012-жылы "Кыргыз кийиз килемдерин "Ала кийиз жана Шырдак жасоо өнөрү" номинациясын тез арада коргоого муктаж болгон материалдык эмес маданий мурастардын тизмесине киргизген. Ошондуктан кийиз жана кийиз буюмдарын жасоо өнөрүнүн генезисин, трансформациясын, формасынын жана аспектилеринин өзгөрүшүн изилдөө, шырдак жасоо өнөрүнүн уланууучулугун ачык көрсөткөн жана муундан муунга өтүп келаткан кыргыз шырдактарынын көп сандаган түрлөрүн, аларды даярдоо техникасынын өзгөчөлүктөрүн, оюм-

чийимдерди жана түстөрдү пайдалануу мүнөзүн изилдөө өтө актуалдуу болуп саналат.

Шырдак XIX кылымдын аягында – XX кылымдын башында кыргыздардын салттык турак жайынын ички жасалгасынын ажырагыс бөлүгү болуп, практикалык жана эстетикалык функцияларды аткарып, кыргыздардын кийизден жасалган көркөм-колдонмо өнөрүнүн көрүнүктүү элементтеринин бири жана туу чокусу, элдин материалдык жана материалдык эмес маданиятынын көрсөткүчү болуп калды.

**Диссертациянын темасынын илимий-изилдөө программалары менен байланышы.** Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун этнология бөлүмүндө аткарылган жеке демилгелүү иш болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты кыргыз элинин салттуу маданиятындагы салттуу кийиз килем – шырдактын ролун жана ордун ачып берүү болуп саналат.

**Максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлган:**

1. орто кылымдагы авторлордун, советтик доорго чейинки орус жана чет өлкөлүк саякатчы окумуштуулардын, ошондой эле советтик жана постсоветтик доордогу изилдөөчүлөрдүн эмгектерине булак таануу талдоосун жүргүзүү, бул эмгектерде чагылдырылган кийизди жана шырдакты изилдөөнүн негизги аспектилерин аныктоо;

2. теориялык-методологиялык негиздерди, колдонулган изилдөө методдорун ачуу жана негиздөө, шырдак жасоо салтын ачууда колдонулган булактарды баяндоо;

3. койдун жүнүнүн түрлөрүн, анын сапатына таасир этүүчү физиологиялык өзгөчөлүктөрдү ар тараптан карап чыгуу;

4. шырдак жасоонун техникасын кийиз жасоо процессинин өзгөчөлүктөрүн жана шырдак жасоонун салттуу ыкмаларын талдоо менен системалаштыруу; 5. кыргыздарда жана Борбордук Азия жана Түштүк Сибирь элдеринде шырдак жасоо техникасындагы этномаданий параллелдерди талдоо;

6. оймо-чиймелердин үлгүсүн даярдоо техникасын карап чыгуу, шырдак шыруу үчүн жүн жиптерин жасоонун өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

7. өсүмдүк-боекторду жана минералдык заттарды колдонуп жүндү, кийизди жана жүн жиптерин боеонун ыкмаларын аныктоо;

8. символдордун семантикалык маанисин ачып көрсөтүү, шырдактардын оюм-чийим композициясында алардын пайда болуу жана бекемделүү шарттарын аныктоо;

9. шырдак жасоо процесси менен байланышкан каада-салттарды, үрп-адаттарды карап чыгуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. диссертациялык иш комплекстүү тарыхый-этнографиялык изилдөө болуп саналат, анын объектиси – кыргыздардын материалдык маданиятынын маанилүү предметтеринин бири шырдак болуп саналат;

2. совет дооруна чейинки, совет жана постсоветтик доорлордун тарыхнаамасын изилдөө шырдактын кийизден буюм жасоо өнөрүнүн элементи катары кыргыздарга тиешелүү экендигин тастыктайт. Илимге этнографиялык экспедициялардын натыйжасында автор тарабынан чогултулган архивдик, кол жазма маалыматтар, музей материалдары жана эскпонаттар, талаа материалдары киргизилет;

3. шырдак жасоо техникасынын кийизди басуудан, оймо-чиймелерден, боеодон, шырдакты жасалгалоодон көрүнгөн аймактык жана жергиликтүү өзгөчөлүктөрү аныкталды;

4. аймактык жана жергиликтүү диалектилердеги шырдактын аталыштары, аспаптардын, оймо-чиймелердин, жергиликтүү флоранын өсүмдүк-боекторунун аталыштары аныкталды;

5. шырдак жасоо техникасында, оймо-чиймелерди тандоодо кыргыздардын коңшу көчмөн элдер менен этногенетикалык жана этномаданий карым-катнаштары аныкталган;

6. изилдөөнүн жыйынтыгында кийиз буюмдарын жана шырдак жасоо техникасынын, тагыраагы, жүндү тандоонун, иштетүүнүн, боеонун, оймо-чиймелөөнүн, шыруунун, түстүү шоонаны эшүүнүн генезиси каралды;

7. Көчмөндөрдүн дүйнө таанымын көркөм чагылдыруудан көрүнгөн кыргыз шырдагынын оюм-чийимдеринин семантикалык мааниси аныкталды, мында кийиз килемдин композициялык сегменттеринин так ыраатуулугу кыргыздардын салттуу коомунун структуралык ирээттүүлүгүн, алардын жаратылыш чөйрөсү менен тыгыз байланышын түшүндүрөт;

8. оймо-чиймелерди талдоо шырдакта бардык оюм-чийим топторунун чагылдырылышын көрсөттү: зооморфтук, антропоморфтук жана өсүмдүк, ошентип, башка буюмдарда кездешкен оймо-чиймелер шырдактын оюм-чийим композициясынан алынган;

9. даярдалган кийиз буюмдардын, анын ичинде шырдактын сапаты үй-бүлөнүн чебер айымдарынын чеберчилигинин деңгээлинин көрсөткүчү болгон, ошондой эле бардык уруунун социалдык статусун аныктаган;

10. диссертант тарабынан оюм-чийим композициясынын негизинде 9 топтон турган кыргыз шырдактарынын классификациясы сунушталган;

11. шырдак жасоо процесси кыздарды эмгекке тарбиялоого, аларды салттуу коомго социалдаштырууга өбөлгө түзгөн;

12. калыңдыгы, бышыктыгы, ар түрдүү түстөрдүн жандуу айкашы, оймо-чиймелердин тактыгы менен айырмаланган кыргыз шырдагы кийизден буюм жасоо өнөрүнүн, жалпысынан элдин көркөмдүк-колдонмо өнөрүнүн туу чокусу болуп саналат.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.**

13. шырдак жасоо салты, колдонулган мал чарба чийкизаты - жүндүн түрлөрү, чагылдырылган оймо – чиймелер кыргыздардын чарбасынын башкы жана негизги маданий типтери мал чарбачылыгы, дыйканчылык жана аңчылык (чарбанын көмөкчү типтери) болгонун тастыктайт. Изилдөөнүн материалына таянып, кийиз жасоонун аныкталган өзгөчөлүктөрүнө жана технологиялык

ыкмаларына таянып, шырдак жасоонун салттары Кыргызстандын бийик тоолуу, түндүк бөлүгүндө кеңири таралганын жана өркүндөтүлгөнүн, кийиз жасоонун чеберчилигинин туу чокусу экенин жана башка элдердин шырылган кийиз килемдеринен өзүнүн өзгөчөлүктөрү менен айырмаланарын аныктады. Мал чарбачылыгынын чийкизаты-койдун жүнүнүн болушу, көчмөн жашоо ыңгайы, коңшу түрк элдери менен тыгыз байланышы кийиз килемдерди - шырдактарды жасоонун кыргыздардагы өзгөчө, уникалдуу салтынын өнүгүшүн шарттады.

14.бул эмгектин практикалык баалуулугу кыргыздардын жалпы тарыхы, материалдык маданиятынын тарыхы боюнча фундаменталдуу изилдөө иштерин жазуу үчүн материалды пайдаланууда турат. Иш этнографтардын, тарыхчылардын, археологдордун, маданият таануучулардын изилдөө иштеринде пайдалуу болот.

15. изилдөө этнология, Кыргызстан тарыхы, материалдык жана руханий маданият тарыхы, түрк элдеринин маданияты боюнча жогорку окуу жайлардын студенттери, илимий мекемелердин кызматкерлери үчүн окуу, окуу-усулдук колдонмолорду иштеп чыгууда пайдалуу болот.

16. иштин материалы Кыргыз кийиз килеминин музейин уюштуруу, колдонмо өнөрдүн көркөм студияларын түзүү, интерактивдүү көргөзмөлөрдү уюштуруу, кийиз кол өнөрчүлүгүнүн карталары менен туристтик маршруттук буклеттерди даярдоо, кол өнөрчүлүк борборлорун жана бизнес-инкубаторлорду түзүү боюнча Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана эл аралык уюмдар үчүн колдонмону жарыялоо ишинде теориялык база болуп калышы мүмкүн.

17. элдин өз тарыхына жана маданиятына болгон кызыгуусунун өсүшүнө, руханий каада-салттардын жана баалуулуктардын кайра жаралышына байланыштуу изилдөө материалдарын билим берүү жана маданият кызматкерлери өсүп келе жаткан муунду тарбиялоо, кыргыз элинин маданий мурастарын сактоо максатында колдонсо болот.

18.диссертациялык иште пайдаланылган талаа материалдарынын натыйжалары Кыргыз шырдактарын жасоо салтын жандандыруу жана сактоо максатында жер-жерлердеги кол өнөрчүлүк борборлорунун практикалык иштеринде колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого чыгарылган негизги жоболору**:

1. Кыргыз элинин кийиз кол өнөрчүлүгүндө шырдак жасоо салтын изилдөөнүн тарыхнаамасы, XIX к. аягы - XX к. башындагы кийиз кол өнөрчүлүгүнүн бул түрүнүн байыркылыгын ырастайт жана кийиз буюмдарынын системасындагы өзүнчө, маанилүү багыты катары аныктайт;
2. Шырдак-кыргыздардын көчмөн турмушундагы салттуу турак жайда, чарбада, каада-салттарда колдонулуучу күнүмдүк тиричиликтин негизги буюмдарынын бири;
3. Башка көчмөн түрк тилдүү элдердин кийиз кол өнөрчүлүгүнө салыштырмалуу талдоо жүргүзүү шырдак бул элдердин тиричилигинде кыргыздардыкына караганда азыраак кездешээрин көрсөттү;

4. Кыргыздарда шырдак жасоонун байыркы, архаикалык ыкмалары сакталып калган, алар өркүндөтүлгөн;
5. Шырдак жасоонун бүткүл процесси, колдонулган аспаптар өздөрүнүн архаикалык аталыштарын сактап калышты: жуушан кайчы (кой кыркуучу кайчы), кыңырык (кийиз кесүү үчүн курч жана кыска бычак), ийик (колдо жип ийрүүчү буюм), чий (кийизди түрмөктөп ороочу камыш буюм);
6. Жүндү, жүн жипти жана кийизди боео техникасы кыргыздардын айлана-чөйрө, өсүмдүктөр дүйнөсү, боеочу өсүмдүктөрдүн касиеттери жана өзгөчөлүктөрү тууралуу терең билимдерин тастыктап турат. Шырдак жасоо үчүн кийизди боеодо карама-каршылыктуу түстөр басымдуулук кылган: ак-кара, кызыл-көк, жашыл-сары;
7. Чоң өлчөмдөгү кийизден буюмдарды жасоо "Кийиз ашар" деп аталган жамааттык эмгекти колдонуу аркылуу ишке ашырылып, адамдардын социалдашуусуна жана кыргыз коомуна аралашуусуна өбөлгө болгон;
8. Кыздардын, жаш кыздардын, эркек балдардын кийиз жана шырдак жасоодогу эмгек процессине катышуусу аларды эмгекчилдикке, сабырдуулукка, өжөрлүккө, тактыкка тарбиялап, математикалык ой жүгүртүүнү жана айлана-чөйрөнү эстетикалык кабылдоону калыптандырган;
9. Шырдакты келиндин себине кошуу, кийинки өмүр бою ага аяр мамиле кылуу, энеден кызга өткөн өзгөчө баалуулук катары сакталып калган салт шырдактын салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн үй-бүлөлүк-тиричилик турмушундагы ыйыктыгын тастыктайт;
10. Шырдак жасоо процессинде колдонулган оюм-чийимдердин семантикасын изилдөө кыргыздардын көчмөн жашоо ыңгайынын белгиси катары зооморфтук оймо-чиймелердин, мүйүз сымал оймо-чиймелердин жана алардын вариацияларынын үстөмдүгүн көрсөттү;
11. Кыргыз шырдагынын касиеттери: чоңдугу, коздугу жана кыска болушу, оймо-чиймесинин тактыгы, оймо-чиймелик композициясынын толуктугу шырдак кыргыз материалдык маданиятынын көрсөткүчү, коду, өз кезегинде кыргыздын этностук өзүн өзү аңдоосунун көрсөткүчү катары болорун күбөлөндүрөт.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:**

Бул илимий эмгекте автор алгачкы жолу шырдак жасоо салтын, жүндү даярдоо, кийиз жасоо, кесүү, жүндөн жип ийрүү, боео, шыруунун технологиялык ыкмаларын, ошондой эле XIX к. аягы -XX к. башындагы кыргыз элинин үй-бүлөлүк турмушундагы жана ырым-жырымдарындагы шырдактын маанисин комплекстүү талдаган. Изденүүчү жеке өзү, он жыл бою Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Талды-Суу айылында, Нарын облусунун Ат-Башы районундагы Кара-Суу айылында, Ош облусунун Алай районундагы Карамык

айылында, шырдактын жалпы жана жергиликтүү өзгөчөлүктөрүн, оймо-чиймелерин, колористикасын, жалпы маданий жана социалдык функцияларын аныктоо максатында стационардык калктуу конуштарды камтыган этнографиялык талаа изилдөөлөрүн жүргүзгөн;

Көптөгөн тарыхый булактар, Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин, Казакстан Республикасынын мамлекеттик архивинин, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун Кол жазма фондунун материалдары, КР УИАнын сейрек кездешүүчү илимий библитотекасынын материалдары, ошондой эле КР Улуттук тарых музейинин, Каракол шаарынын тарых музейинин, Курманжан датка атындагы көчмөндөр цивилизациясынын музейинин, Оргочор айылындагы аймак таануу музейинин фондуларында топтолуп сакталып турган жана кыргыз элинин материалдык маданиятынын өнүгүшүн чагылдырган документалдык маалыматтар талданган;

Кыргыздардын салттык кийиз кол өнөрчүлүгү, анын ичинде шырдак жасоо тууралуу этнографиялык талаа экспедицияларынын учурунда чогултулган материалдар системалаштырылып, иретке келтирилди; 2022-жылы Нарын облусунун Нарын шаарында өткөн "Кыргыз шырдагы" фестивалына КРнын Маданият, Маалымат, Спорт жана жаштар саясаты министрлигинин чакыруусу менен калыстар тобу катары катышкан; Изилдөөчү алгач төмөнкү ачылыштарды тастыктаган бир катар этнографиялык материалдарды илимий айлампага киргизген:

- кыргыздар байыртадан койдун жүнүн иштетүү, керектүү шаймандарды жасоо, бычуу, жүндү, шырдак тигүү жана шыруу үчүн жүн жиптерин көчмөндөрдүн белгилүү ареалындагы боек-өсүмдүктөрдү колдонуу менен боеонун салттуу билимдерине ээ болушкан;
- келиндин сеп бөлүгү катары кийиздерди жасоо, ала – кийизден килемдерди жана чоң өлчөмдөгү шырдактарды жасоо жараяны салттуу кыргыз коомуна жаш секелек жана бойго жеткен кыздарды, келиндерди тарбиялоого жана социалдаштырууга таасир этүүчү жамааттык эмгекти талап кылган;
- оймо-чийме системасы кыргыз элинин эстетикалык баалуулуктарын, ишенимдерин, табиятын урматтоону, жалпы эле кыргыз элинин дүйнө таанымын кеңири ачып берет, этностук өзүн өзү аңдоонун бир бөлүгү жана муундар ортосундагы байланышты сактоонун каражаты болуп саналат;
- Көчмөн элдердин кийиз буюмдарынын түрлөрүнүн ар кыл болушу, жүндү иштетүүнүн технологиялык ыкмалары, оймо-чиймелер Борбордук Азия, Түштүк Сибирь жана Кавказ элдеринин кол өнөрчүлүгү менен жалпы этногенетикалык жана этномаданий байланышы бар экендигин көрсөтөт.

**Ишти апробациялоо.** Бардыгы болуп ата мекендик жана чет өлкөлүк басылмаларда диссертациялык иштин негизги жоболору катары 22ден ашык макала, анын ичинде РИНЦ системасына кирген 13 илимий макала, SCOPUS системасына диссертациялык иштин негизги жоболору катары киргизилген 3 илимий макала жарыяланган. Негизги идеялар, корутундулар, илимий иштеги сунуштар, диссертациялык изилдөөнүн айрым бөлүмдөрү илимий кеңешмеде,

илимий-теориялык жана илимий-практикалык конференцияларда жактырылган. Диссертациялык иш КР Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун этнология бөлүмүнүн кеңейтилген отурумунда талкууланды..

**Изилдөөнүн хронологиялык чеги** XIX к. аягын XX к. башына чейинки мезгилди камтыйт.

**Географиялык алкак:** Кыргызстандын түндүк-чыгыш, борбордук жана түштүк бөлүктөрү тандалып алынган - Ысык-Көл, Нарын жана Ош облустары. Талаа изилдөөлөрү шырдактарды салттуу даярдоо сакталып калган Кыргыз айылдарында жүргүзүлгөн. Изилдөөнүн этнографиялык стационардык борборлору Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Талды-Суу, Ат-Башы районундагы Кара-Суу, Ош облусун Чоң Алай районундагы Карамык айылдары болуп калды. 2014-2024-жылдар аралыгында жүргүзүлгөн Жети-Өгүз районундагы Оргочор айылы, Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Кызыл Туу айылы, Нарын облусунун Кочкор районундагы Кара Суу айылы, Нарын облусунун Ат-Башы районундагы Ат-Башы айылы, Ош облусунун Чоң Алай районундагы Кара-Тейит, Жаш Тилек, Чак айылдары, Кара-Кулжа районундагы Кара-Тейит, Кан Коргон, Ой-Талаа, Көңдүк айылдары кошумча борборлор болуп калды. Изилдөөнүн стационардык объектилерин тандоо жергиликтүү коомчулуктун мал чарбачылык ишмердиги жана шырдактарды даярдоо салтын азыркы мезгилге чейин кыйла туруктуу сактоосу менен байланышкан.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш кириш сөздөн, беш баптан, он алты бөлүмдөн, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Иштин жалпы көлөмү-272, тиркемелер-233 б.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Кириш сөздө изилдөө темасынын актуалдуулугу, диссертациянын максаты жана милдеттери, анын жаңылыгы, апробациясы, структуралык бөлүнүшү сыяктуу маселелер ачылып көрсөтүлгөн.

Биринчи бап "Шырдакты изилдөөнүн тарыхый серепи" деп аталат жана үч бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмдө Совет мезгилине чейинки мезгилдеги шырдактын изилдөөсүнүн тарыхнаамасы каралды. Кийиз тууралуу алгачкы олуттуу эмгек 1857-жылы П.П. Семенов-Тянь-Шанскийдин экспедициясынын курамында Түркстан аймагына келген сүрөтчү П. М. Кошаровдун альбому болгон. П.М. Кошаровдун альбому кыргыздардын кийизден буюм жасоо өнөрү байыркы кол өнөрчүлүк экенин жана орто кылымдарда жогору өнүккөнүн далилдейт. Изилдөөчү А.Е. Фелкерзам Чыгышта килем жасоо көркөм чыгармачылыктын алгачкы формаларынын бири болгонун белгилейт жана анын пайда болушун да байыркы мезгилге таандык деп эсептейт.

В.В. Радлов Борбордук Азия боюнча этнографиялык экспедициянын баяндамасында боз үйдүн ички жасалгасын сүрөттөп, кийизден жасалган

килемдердин кооздугуна жана функционалдуулугуна кеңири токтолду. Автор жайыттагы малчылыкты жана дыйканчылыкты сүрөттөө менен бирге кийиз басуу жана токуучулук бир кыйла өнүккөн жана кеңири жайылган кол өнөрчүлүктү да белгилейт.

М. И. Венюков өзүнүн саякаттарынын жүрүшүндө кара-кыргыздардын башкы кол өнөрчүлүгү өтө бышыктыгы менен айырмаланган кийиздерди жасоо экенин белгилейт.

Белек Солтоноев кыргыздын акыркы сапарга узатуу зыйнатында кийиздин колдонулганын, маркумга ак кепин (кепин) кийгизилип, андан соң жука, ак кийизге оролгонун белгилейт. Автор бул ырым көчмөн аристократияга мүнөздүү экенин жазат. Белек Солтоноевдин эмгегинде, ошондой эле, кийиз кийимдер тууралуу маалыматтар бар: сырткы кийим: *чепкен, калпак, кементай;* бут кийим: *кийиз өтүк, чокой;* кийиз клем: *кийиз, шырдак; ар түрдүү аркандар,* шырдак шырыган *шоона жип, жөрмөмө жип, учук жип* ж.б.

Окумуштуу Н.О. Зеланд кыргыздардын этнографиялык баяндамасында "кыргыздардын тиричилигинин маанилүү предмети" болгон кийизди жасоо, кой кыркууда, чийкизатты иштетүүдө, кийиз басууда жана ала кийиз жасоодо аялдар менен эркектердин эмгегин бөлүштүрүү жөнүндө баалуу маалыматтар бар.

Ч. Ч. Валиханов кыргыз аялдарынын кийизди жакшы жасарын, койдун жүнүнөн кийим тигип, жогорку чеберчиликке жеткиргенин белгилейт.

Кийиз жасоо өнөрү тууралуу баалуу маалыматтарды чет өлкөлүк саякатчылардын, миссионерлердин эмгектеринен, күндөлүктөрүнөн табабыз. Вильгельм Рубрук эшиктин үстүндөгү кийизди сүрөттөгөн, анда түстүү кийиздин кесиндилери башка түстөгү кийизге тигилет, деп көрсөтөт.

Граф Чарльз Мюррей Данмор кийиз килемдердин товардык касиетине көңүл бурат: "кыргыздар numdahs же калың кийиз жууркан менен килемдерди жасап, аларды Россияда жасалган кийим-кече, бут кийим, казан жана пахта кездемелерине алмаштырышкан".

Свен Андерс Гедин Памир-Алайга жана Чыгыш Түркстанга жасаган экспедициясында (1894-1897-жж.) кыргыз аялдарынын үрп-адаттары, жашоо шарттары, коомдогу орду жана ролу жөнүндө кеңири маалыматтарды, ошондой эле кыргыздардын күнүмдүк тиричилигинин көп сандаган эскиздерин калтырган.

Чыгыш таануучу Дьердь Алмаши Кыргыз оюм – чийимдерине өзгөчө көңүл буруп, кийизден жасалган килем-кийиздердеги жана шырдактардагы "зооморфтук" оюм-чийим "кочкор мүйүз" өсүмдүктөрдү чагылдырган оюм чийимдерден эски жана кыргыздардын мал чарбачылык коомунда эң көп таралган деп адилет баа берген.

Окумуштуулар В.В.Бартольд, А.Вамбери, Г. С. Загряжский, Н. А. Аристов кыргыз элинин салттуу материалдык маданиятынын, анын ичинде кийиз жана шырдак жасоонун айрым маселелерине токтолушкан.

Борбордук Азияга XVIII – XIX кк. келген алгачкы орус жана чет элдик изилдөөчүлөрдүн, окумуштуулардын, саякатчылардын эмгектеринде

этнографиялык жана экспедициялык материалдардын негизинде иликтөөлөр чагылдырылган, бирок шырдак жасоо салты бирдиктүү жана атайын изилдөөнүн алкагында каралган эмес.

**"Шырдактын Совет мезгилиндеги изилдениши"** бөлүмүндө шырдак жасоонун технологиялык ыкмалары, ошондой эле совет мезгилиндеги оюм-чийим композициясынын семиотикалык мааниси каралат. Борбордук Азия элдеринин материалдык маданияты XIXк. аягы - XX к. башталышында көптөгөн окумуштуулардын, изилдөөчүлөрдүн кызыгуусун жаратты. С.М. Дудин кыргыздар үчүн суроо-талап күчөп турган кийиздерди даярдоо чоң мааниге ээ экендигин белгилейт жана кийиздин сапатына, түстөрдүн кубулушуна, жасоо техникасына көңүл буруп, кийизден тигилген айрым тиричилик буюмдарын сүрөттөйт.

Окумуштуулар Ф.А. Фиельструп, С.М. Абрамзон, Н. П. Дыренкова Совет бийлиги орногондон кийин Кыргызстанда этнографиялык талаа иштерин жүргүзгөн алгачкы адистерден болушкан. Алар тарабынан кыргыздардын салттуу маданияты боюнча баалуу эмпирикалык маалыматтар топтолгон жана иштелип чыккан, алар кийин илимий айлампага киргизилген. Ф. А. Фиельструп кыргыздардын үйлөнүү жөрөлгөлөрүн сүрөттөп жатып, күйөө баланын туугандарына өткөрүп берген учурда келин отурган ак кийизге көңүл бурат. Төө туугандан кийин ага ала кийиз жаба турган салтка кызыккан, бул көчмөндөрдө кубанычты жана көчтүн байсалдуу болушун каалоону билдирет.

XX кылымдын 20-жылдарынын ортосунан тартып окумуштуу-этнограф С.М. Абрамзон кыргыздардын этностук курамы, жайгашуусу, чарбасы, социалдык мамилелери менен катар кыргыздардын үй өндүрүшүн иликтей баштаган. Ал "XIX аягы – XX к. башында кыргыз элдик кол өнөрчүлүгү өзүнүн өнүгүшүнүн алгачкы, башталгыч баскычында болгон, мал чарбачылыгын толуктаган жана кыргыздын көркөм-колдонмо өнөрүнүн материалдык базасын түзгөн", - деп белгилейт. Окумуштуу "шырдактар жана ала кийиз кыргыздардын эң кеңири тараган килемдери" деп өзгөчө баса белгилеген.

П.О. Кушнер (Кнышев) кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүнүн өнүгүшүнө көңүл буруп, ал “Кыргызстанда толук төмөндөөдө” деп белгилеп, муну фабрикалык өндүрүштүн атаандаштыгы менен түшүндүрөт.

М.Т. Айтбаев кыргыздардын материалдык маданиятын Ысык-Көл ойдуңунда жыйналган талаа материалдарынан изилдеп, кыргыздардын салттуу *боз үй* турак жайынын курулушун сүрөттөөдө кийизди, жасоо техникасын, кой кыркуунун мезгилдүүлүгүн карайт.

Кыргыз оюм-чийимдерин изилдөөгө М.Андреев жана М.Гаврилов эмгектерин арнашкан. Алар өз эмгектеринде Чыгыш Памирдеги кыргыздар жана тажиктер кийиз килемде колдонгон оймо-чиймелердин өзгөчөлүктөрүн аныкташкан.

М. В. Рындин кыргыз оймо-чиймелеринин негизги элементтерин төрт топко бөлүп классификациялаган, бирок алардын айкалыштарынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктаган, кыргыз оймосунун баяндоо системасын ачкан.

Россиянын Монголия менен Чыгыш чек арасында жайгашкан Алтайдагы Пазырык мазарынын дөбөлөрүн 1949-жылы археологдор С.И.Руденко жана М.П.Грязнов изилдеген. Пазырык күмбөзүнүн 5-коргонун ачып, толугу менен сакталып калган токулган килем жана байыркы ыкма менен жасалган кооз кийиз кошо коюлган мүрзөнү табышты.

Кыргыз комплекстүү археологиялык-этнографиялык экспедициясынын (1953-1955-жж.) изилдөөсүнүн жыйынтыктары авторлор жамааты: С.М.Абрамзон, К.И. Антипина, Г.П. Васильева, Е.И. Махова, Д. Сулайманов тарабынан даярдалган "Кыргыз айылдары Дархан менен Чычкандын колхозчуларынын турмуш-тиричилиги" деп аталган эмгекте чагылдырылган. Бул монографияда авторлор "үй өндүрүшүндөгү башкы орун кийиз жасоого таандык" деп белгилешет. Анткени кийиз эмеректи жарым-жартылай алмаштырган, ошондой эле кыргыз кол өнөрчүлөрү өз үйлөрүн кооз жасалгалоого ыктаган.

Талаа материалдарынын негизинде жүргүзгөн изилдөөлөрүнүн натыйжасында Е.И. Махова кийиз жасоо салтынын өз багыты боюнча бөлүнүп кеңири таралгандыгы тууралуу пикирге келет. Мисалы, боз үйдүн жабуулары (*үзүк, туурдук, түндүк жабуу*) чабандардын үй-бүлөлөрүндө гана жасалган, басмайыл, шырдак, кийиз даярдоо үчүн  жука кийиз, эркектердин баш кийимдерин (ак калпак) жана сырт кийимдерин (кементай) жасоо үчүн жука жана ак кийиз колдонулган. Жүндү уютуунун өзгөчө ыкмасын колдонуу менен кийиз байпак  жана чокой жасашкан.

Этнограф К.И. Антипина түштүктөгү кыргыздардын "адигине жана монгуш", "ичкилик" уруулук топторундагы материалдык маданиятын изилдеп чыгып, кийизчиликте көркөм-колдонмо өнөрдүн бир элементи катары "ичкилик" урууларында Кыргызстандын түштүгүнүн жана түндүгүнүн бардык башка урук-уруу топторунда кеңири таралган шырдамалдарды (шырдактарды) жасоонун техникасы жок экендигин аныктаган.

Белгилүү окумуштуулар А.Н.Бернштам, С.В.Иванов кыргыз килемдериндеги оймо-чиймелердин формасын жана түзүлүшүн ар тараптан изилдешкен. Профессор Э.Сулайманов кыргыздардын салттуу металл иштетүүсүнө жана оймо-чиймелерине көңүл бурду.

Т.Ж.Баялиева кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерин талдап жатып, Кыргызстандын аймагында табылган VII-VIII кылымдарга таандык сүйрү ассуарийлерге өзгөчө көңүл бурат, себеби, алардагы маанилүү нерсе, алардын  кыргыз шырдактарында жана ала кийизинде пайдаланылган оюм-чийимдер менен  кооздолгон.

Кыргызстандын этнографиялык илиминде изилдөөчү, этнограф А.С.Акматалиевдин эмгеги маанилүү орунду ээлейт, ал өзүнүн эмгектеринде салттуу кол өнөрчүлүктүн маңызын ачып берип, кийиз басуу, жыгач иштетүү, кой терисин ашатуу жана ийлөө, тери иштетүү, металл иштетүү жана зергерчилик, сайма жана токуу сыяктуу көркөм-колдонмо  өнөрдүн ар бир тармагына көңүл бурат. Автор кыргыз элинин чексиз байлыгын, элдик чыгармачылыгынын ар түрдүүлүгүн белгилейт. КР Улуттук илимдер

академиясынын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондунда сакталган А.С.Акматалиевдин фотоматериалдары. 1950-1970 – жылдардагы кол өнөрчүлөр, салттык буюмдарды жасоо ыкмалары, анын ичинде кийиз килемдер-ала кийиздер жана шырдактар жөнүндө баалуу маалыматтарды берет.

Ж.Т. Үмөталиева кыргыз кийиз килем буюмдарынын композициясын, фонун жана негизин, шырдактардын өзгөчөлүктөрүн өнөр таануу көз карашынан изилдейт.

Ч.К. Өмүрбековдун эмгектери, кыргыздардын салттуу кийимдерин материалдык маданияттын элементи катары изилдөөгө арналган. Автордун эмгегинде кол өнөрчүлүк өндүрүшүн, кийизден сырт кийим, баш кийим, бут кийим жасоо технологияларын изилдөө үчүн бай материал камтылган.

Совет доорундагы тарыхнаамада кыргыздардын салттык материалдык маданияты белгилүү деңгээлде изилденген. Алардын ичинен окумуштуулар кыргыз шырдагын элдик искусствонун предмети, этностун тарыхын, жашоо ыңгайын жана башка элдер менен болгон байланышын ачып берген тарыхый булак катары карашат.

Үчүнчү бөлүм "постсоветтик мезгилдеги изилдөөлөр" деп аталат. Бул мезгил кыргыз илимий коомчулугу тарабынан элдин тарыхый-маданий тарыхын изилдөө боюнча чоң илимий аракеттерди кабыл алган мезгил болду.

Эгемендик жылдарында кыргыздардын салттык материалдык жана руханий маданиятынын этнографиялык аспектилери бир катар окумуштуулардын изилдөө объектисине айланган, өзүнчө китептер жана макалалар жарык көргөн. Кыргыздардын жүндү иштетүүгө жана пайдаланууга, кийиз жасоого, шырдак жасоого негизделген салттуу кол өнөрчүлүгүнүн түрлөрү жана алардын ар кандай аспектилери С.А. Аттокуровдун, И.Б.Молдобаевдин, А.А.Асанкановдун, А.С. Көчкүновдун, О.К. Каратаевдин, Ч.К. Өмүрбековдун, С.К. Алымкулованын, Б.Алымбаеванын, А.З. Жапаровдун, Ч.Ж.Турдалиеванын, О.Э.Капалбаевтин, А.Ю.Мальчиктин, М.Чокотегиндин, Ч.Т. Сатыбалдиеванын, Н.С. Момунбаеванын, Н.И. Султаналиеванын, А.Б. Мамытованын ж.б. эмгектеринде чагылдырылган. Кыргыз таануунун өнүгүшүнө чет өлкөлүк окумуштуулар Д.А.Функ, Н.А. Томилов, Ю. Х. Худяков, В. Я. Бутанаев салым кошкон.

Кыргыз окумуштуусу С.А. Аттокуров жоокерлердин курал-жарактарын, согуштук кийимдерин изилдеп жатып, ал буюмдардын оймо-чиймелүү коздолушуна көңүл буруп, "кочкор мүйүз", "карга тырмак", "куш изи" оюмдарын сак дооруна таандык айбанаттар стилинин көрүнүшү экенин туура баамдаган.

И.Б. Молдобаев "Манас" эпосун изилдеп жатып, кыргыздардын жана башка көчмөн элдердин материалдык маданиятынын ар кандай буюмдарында чагылдырылган оймо-чиймелерди андан ары изилдөө дагы талап кылынарын белгилеп, этностук тарыхтын алгачкы этаптарында кыргыздардын башка элдер менен этномаданий байланыштары жөнүндө күбөлөндүрөт.

А.А. Асанканов Кытай Эл Республикасынын Шинжаң-Уйгур автоном районунда жашаган кыргыздар жөнүндө талаа изилдөөлөрүнүн негизинде салттуу материалдык маданиятты изилдөөгө салым кошуп, аталган аймактагы кыргыздардын материалдык маданиятынын өзгөчөлүктөрүн, чарбасын жана күнүмдүк тиричилигин баса белгилеген.

А.С. Көчкүнов этнографиялык, этносоциалдык, тарыхый жана статистикалык материалдардын негизинде кыргыз коомунун турмушундагы жаңы менен салттын катышын изилдеп, кыргыздар турак-жайдын ички бөлүнүшүндө ардактуу жер (төр) салтын сактап, ал жерде эң баалуу буюмдарды жайгаштырарын белгилейт.

О. К. Каратаев кыргыз эн тамгаларын Орхон-енисей жазуулары, Енисей руна сымал жазуулары (Хакасия, Тува, Тоолуу Алтай, Красноярск крайы) менен салыштырып, кыргыздардын кийизчилигинде кездешкен терминдерге мүнөздөмө берип, аска бетине чегилген жазуулар жана маданий эстеликтер кыргыз элине таандык экендигин белгиледи.

А.З. Жапаров тарыхый өткөндү чагылдырган материалдарга негизденип, кийиздин кыргыздардын жашоо тиричилиги үчүн маанисин, кийиз буюмдардын, анын ичинде килемдердин утилитардык жана эстетикалык функцияларын ачып, кийиз буюмдарды өндүрүүнү трансформациялоо процесси өнүгүүнүн азыркы этабынын жана рыноктук мамилелердин шарттары менен байланыштуу экендигин аныктайт.

Ч.Ж. Турдалиева турмуш-тиричиликтин кийиз буюмдарын жасоо, токуу, тигүү иштерин чоң үй-бүлөнүн аялдары жүргүзгөн, тери иштетүү, жыгачтан жана металлдан буюмдарды жасоо эркектердин иши деп эсептелген аялдар менен эркектердин ортосунда эмгек так бөлүштүрүлгөнүн белгилейт. Кол өнөрчүлүктө примитивдүү шаймандар жана технологиялар менен жүргүзүлгөн кол эмгеги сакталып калган.

А.Р.Бикбулатова айыл жериндеги кыргыз аялдарынын этносоциологиялык жана этномаданий өнүгүүсүнүн динамикасын изилдөө менен айылдык аялдар тарабынан материалдык маданияттын салттарынын кыйла бекем сакталышы жөнүндө ырастайт.

Изилдөөчүлөр Б.Алымбаева жана А.Ю. Малчик байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейинки мезгилди камтыган салттуу кийиз килемдердин – ала кийиздин жана шырдактын жеке оюм-чийимдерин жана оюм-чийимдик композициясын талдап чыккан.

Изилдөөчүлөр О. Э.Капалбаев, Ч. Т.Сатыбалдиева, Н. Момунбаева, Н. И. Султаналиева, А. Б. Мамытова кыргыз кол өнөрчүлүгүнүн сайма, токуу, килем, жыгач иштетүү, тери иштетүү сыяктуу түрлөрүнүн өнүгүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо менен кыргыз элинин салттуу материалдык маданиятын изилдөөгө салым кошушкан. Алар тарабынан технологиялык ыкмалар талданып, ар кандай декоративдик комплекстердин оймо-чиймелеринин мааниси, кол өнөрчүлүк буюмдарын жасоо жараяны менен коштолгон каада-салттар жана ырым-жырымдар аныкталды, бул Кыргызстандын этнология илиминде чоң кызыгууну жаратууда

Россиялык этнографтар Д.А.Функ, Н.А. Томиловдун эмгектеринде түрк тилдүү элдердин материалдык маданияты боюнча изилдөөлөр, атап айтканда, мал чарбачылыгы - койдун жүнүнүн негизинде кол өнөрчүлүк боюнча изилдөөлөр, жүндү кийизчиликте колдонуу өзгөчөлүктөрү чагылдырылган.

Ю.С. Худяков темирден согуштук курал жасаган енисей кыргыздарынын металл иштетүү чеберчилиги жөнүндө белгилейт, ошондой эле "*олпок*", "*чопкут*" аттуу калың кийизден тигилген кыргыз жоокерлеринин аскердик кийимин, сүрөттөйт.

В.Я. Бутанаев кийиз жасоо өнөрүн өнүктүрүү элдин жашаган жеринин жаратылыш шарттарынан жана чарбасынан көз каранды экенин, ал мал чарбачылыгы менен түздөн-түз байланыштуу экенин баса белгилейт. Окумуштуунун хакастардын кой жүнүн пайдалангандыгы тууралуу маалыматы кызыгууну жаратат.

Эгемендүүлүк жылдарында кыргыз элинин материалдык жана руханий маданиятын этнографиялык изилдөө улантылып, кол өнөрчүлүктүн ар кандай түрлөрүнө арналган илимий эмгектер жана макалалар жаңы көз караштар жана пикирлер менен толукталып басылып чыгып жатат. Алардын арасында кийиз буюмдарын, анын ичинде шырдакты изилдөөгө арналган басылмалар бар, аларда тарыхый өткөнгө назар салуу арбын кезиксе да, бирок, көбүнчө учурдагы кийизчилик иши чагылдырылган. Кыргыздардын салттуу маданияты жана көркөм-колдонмо өнөрү боюнча корголгон кандидаттык жана доктордук диссертациялар кыргыз этнология илиминин өнүгүшүн күбөлөндүрөт.

Диссертациянын экинчи бабы **"Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери, изилдөө методдору жана булактары"** деп аталат жана үч бөлүмдөн турат. **"Теориялык-методологиялык негиздер"** деп аталган биринчи бөлүмдө кийиз өнөрүнүн пайда болуу шарттары, тактап айтканда, Борбордук Азия элдеринде, анын ичинде кыргыздарда шырдак жасоо салттары каралат. Белгиленген иштердин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү аныкталды, технологиялык этаптардын жана ыкмалардын сыпаттамасы, жасалгалардын аталыштары, чоң көлөмдөгү материалдарга негизделген авторлордун корутундулары талданды.

Кийиздерди жана шырдактарды жасоо боюнча теориялык материалдар, кийизчилик боюнча булактар салыштырмалуу талдоо ыкмасы менен изилденди. Окумуштуулар материалдык маданиятты коомдун табигый жана социалдык чөйрөнүн шарттарына ылайыкташуу механизми катары карашат. Кыргыздар малдын ар кандай түрлөрүнөн алынган чийкизатты пайдалануу жана аларды иштетүү технологиясы боюнча үй тиричилик буюмдарын, чарбалык шаймандарды, турак – жай, кийим-кече, шырдактарды жасоо боюнча баа жеткис тажрыйбаны иштеп чыгышкан. Шырдак тарыхчылардын, этнографтардын, маданият таануучулардын изилдөөлөрүнүн негизги булагы боло алат. Шырдак жасоо салттарын изилдөө кыргыздардын этностук тарыхы, чарбалык ишмердиги, руханийлиги жана жашоо ыңгайы менен тыгыз байланышкан башка, тектеш жана коңшу этностор менен этногенетикалык жана этномаданий байланыштарын түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Илимий-теориялык

изилдөөлөргө ылайык, Кыргызстандын табигый-географиялык шарттарында жасалган шырдактар бышыктыгына, жеңилдигине жана пайдалуулугуна байланыштуу көчмөн турмуштагы эң керектүү жана негизги буюм болгон.

Ошону менен бирге шырдакты изилдөөнүн теориялык негиздери анын кол менен, кол менен аткарылчу жөнөкөй деңгээлин, кыргыздардын көчмөн жана жарым көчмөн малчылык шартында көчмөн жашоо ыңгайына ыңгайлашкан шырдакты даярдоодогу жогорку чеберчилигин тастыктайт.

**Изилдөөнүн объектиси** – XIX к. аягы – XX к. башындагы кыргыздардын салттык кийизчилик буюму - шырдак болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети**-кийиздин пайда болуу жана өнүгүү шарттары, шырдак жасоонун өзгөчөлүктөрү, жүндүн ар кандай түрлөрү, колдонулуучу аспаптар, муундан муунга өтүп келаткан элдик билимдер, кыздарды эмгекке жана кол өнөрчүлүккө тарбиялоо маселелери жана алардын кыргыз коомуна социалдашуусу, шырдак жасоону коштогон каада – салттар жана ырым-жырымдар, жалпысынан алганда, кыргыз чеберлери жасаган шырдакта чагылдырылган дүйнөнүн бүтүндөй көрүнүшү.

Экинчи бөлүм "**Изилдөө методдору**" деп аталат. Илимий ишти изилдөөдө кээ бир маанилүү эмпирикалык жана теориялык методдор колдонулду. Чогултулган материалды изилдөө тарыхый фактыларды жана окуяларды себептик байланышта, ырааттуу өнүгүүдө жана өз ара байланышта изилдөөнү камтыган историзм принцибине негизделген. Ошону менен бирге иликтенүүчү көйгөйдү ар тараптуу изилдөө, бирдиктүү системдик түзүлүштө анын бардык аспектилеринин жана маселелеринин байланышын аныктоо, изилдөө предметинин мазмуну менен формасынын бирдейлик принциби эске алынды.

Аймактарда изилдөөлөр талаа этнографиялык экспедициясы аркылуу жүргүзүлдү, ал кийиз жана шырдак жасоо менен алектенген улуу муундагы уздардан маалымат алууну, *түздөн-түз байкоо жүргүзүү* (Ысык-Көл, Нарын жана Ош облустары) маалымат чогултууну камтыйт. Автордун негизги изилдөө методу болуп шырдакты даярдоо жараянына түздөн-түз катышуу эсептелет. Кийизчилик тарыхый реконструкциялоо ыкмасы менен, уздардын маалыматы боюнча шырдак жасоо жараянынын технологиялык ыкмалары реконструкцияланды.

Илимий ишти аткарууда маанилүү орунду ээлеген интервью жана сурамжылоо ыкмалары кеңири колдонулду. Интервью алуу ыкмасы менен шырдак жасоо менен алектенген аялдар жана уздар катышкан жүн ийрүү, жүн жиптерин жасоо жараяны изилденди.

Биздин изилдөөлөр стационардык ыкмалар менен жүргүзүлүп, көйгөйдү терең жана узак изилдөө процесси менен коштолду. Семиотикалык жана семантикалык методдор аркылуу кийизчиликтеги айрым үрп-адаттардын жана каада-салттардын келип чыгышы жана алардын сакталып калышынын себептери аныкталды.

Кыргыз кийизчилик өнөрүн изилдөөдө эксперименталдык изилдөө методдору да колдонулду. Этнографиялык илимдин табигый экспериментинде субъекттердин иш-аракеттери изилдене турган кубулуштар пайда болгон

реалдуу шарттарда жүзөгө ашырылат. Кыргыздар табигый эксперимент жолу менен жүндү боеодо минералдык заттардын жана табигый боекторду күчөткүчтөрдүн (акиташ, жез сульфаты) жардамы менен өсүмдүк боекторунун таасирин күчөтө ала тургандыгын баса белгилей кетүү керек.

*Лабораториялык тажрыйбалардын методу* менен ийрилген жүн жипти айрым өсүмдүк боекторунун жардамы менен боеонун техникалык ыкмалары изилденди. Мисалы, сары түскө боегондо сары чөптүн кургатылган сабагы жана жалбырагы сууга бир нече күн чыланат, андан кийин жүндү бул сууга салат, ак жүн сары түс алат, эгер сууну кайнатса жүндүн түсү кочкул болуп калат.

Изилдөөнүн *индуктивдүү методунун* негизинде кыргыз кийиздери Борбордук Азиянын кийиз жасоо өнөрүнүн бир бөлүгү экени да аныкталды. Изилдөөнүн *дедуктивдүү методдорунун* жардамы менен Кыргызстандын аймагында жайгашкан "саяк", "черик" урууларынын шырдактарын жасоо өзгөчө мүнөзгө ээ экендиги аныкталган. *Анализ жана синтез* ыкмалары менен шырдактарды жасоого байланышкан айрым ырым – жырымдар, каада-салттар, элдик оозеки чыгармачылыктын чыгармалары талданды.

Эмгекте изилденип жаткан аймактын элдериндеги шырдактын өзгөчөлүктөрүн жана көркөм салттардын өз ара таасирин аныктоо үчүн *салыштырма-тарыхый ыкма* колдонулду. Салыштырмалуу тарыхый метод-бул элдин материалдык маданиятын салыштырып, маданияттагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды аныктоочу фундаменталдык изилдөө ыкмаларынын бири.

Кыргыз шырдак жасоо салтынын уникалдуулугун методдор тастыктады, бирок айрым учурлары өзгөрүүгө дуушар болгон. Бул ыкма менен кийиздердин жана шырдактардын инновациялык багыттары ачылып берилди. Бул жерде таанып *билүүнүн тарыхый методдорунун* маңызын логикалык негиз аныктайт, ансыз билимдин бул ыкмасы бул процесстердин чыныгы өнүгүшүнүн фактылык гана сүрөттөлүшү болуп саналат.

Шырдак жасоо өнөрүнүн өнүгүшүн изилдөөдө *диахроникалык жана тарыхый-систематикалык методдор* колдонулган. Кой багуу, кийизчиликтин негизги мал-чарбачылык чийкизаты катары жүн кыркуу жана даярдоо ыкмалары, аны тазалоо жана тытуу, жууп тазалоо кеңири жайылган жана башка элдерге окшош өзгөчөлүктөргө ээ. Килем токуунун көркөм аспектилерин, анын ичинде оймо-чиймелердин семантикасын изилдөөдө *структуралык-семиотикалык анализ* жүргүзүлдү. Белгилей кетсек, биздин изилдөөдө алдыңкы ыкмаларды колдонуу натыйжалуу натыйжаларды берди.

Үчүнчү бөлүм "**Изилдөө булактары**" деп аталат. Кыргыздардын XIX к. аягы - XX к. башындагы кийизчилиги тарыхый-этнографиялык булак катары бир нече багытта изилденген. Изилдөөнүн негизин архив документтери, кол жазмалар маалыматтары, музей экспонаттары, мезгилдүү басма сөз материалдары жана автордун 2014-2024-жылдар аралыгында чогулткан этнографиялык талаа материалдары түзөт. Мындан тышкары, кошумча булак

катары оозеки салттардагы маалыматтар, фольклордук материалдар колдонулган.

Кыргыз элинин учурдагы жана ошол эле учурда жоголуп бара жаткан салттуу кол өнөрчүлүгү көбүнчө тоолуу жана жетүүгө кыйын райондордо сакталып калгандыктан, этнографиялык табылгаларды реконструкциялоо максатында талаа изилдөөлөрүн өткөрүү зарыл эле. Талаа изилдөөлөрүнө шырдак жасоонун салттуу аспектилери сакталып калган айылдар киргизилген. Натыйжада этнографиялык стационардык изилдөөнүн орду катары төмөнкү объекттер тандалып алынган: Нарын облусунун Ат-Башы районундагы Кара Суу айылы; Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Талды Суу айылы; Ош облусунун Чоң-Алай районундагы Карамык айылы.

Айылдарды тандоо калктын этностук курамына жана алардын чарбасына негизделет. Бул жерлерде кыргыз калкы басымдуулук кылат. Райондук борборлор биринчи кезекте райондук уюштуруу функцияларын аткарышат. Тандалган райондордо салттуу кийиз жасоо, тактап айтканда башка айылдарга караганда шырдак көп жасалат, анын үстүнө бул жерде салттуу шырдак жасоонун технологиялык ыкмаларын жакшы билген уздар жашашат.

Үчүнчү бап "**Шырдактын негизи катары кийизди жасоонун салттуу ыкмалары**" деп аталат. Бул баптын биринчи бөлүмү "Жүн малдын негизги чийки заты катары" деп аталып, анда койдун жүнүнүн кеңири колдонулган негизги чийки зат катары мааниси ачылат.

Койдун жүнүнүн маанилүү жана өзгөчө ролу андан кийиз тиричилик буюмдары, ала кийиз жана шырдак жасалганында. Кийиз буюмдар кыргыз элинин турмушунда зор мааниге ээ болгон, ага төмөндөгү макалдар күбө: "*Кыргыз кийизге туулат*", "*Кийиз кимдики болсо, билек ошонуку!"*.

Изилдөөнүн жүрүшүндө жүндүн физиологиялык, химиялык касиеттери каралды. Койлордун жүнүн жылына эки жолу жазында жана күзүндө "жуушаң кайчы" менен кыркышат. Бекем кийиз жасоо үчүн койдун аркасынан жана капталынан кыркылган жүн колдонулат, анткени бул жүндүн жипчелери узун, жумшак, толкун сымал болгондуктан, тизмектөөгө жана боеого оңой болот.

Кой кыркуудан мурун анын үч буту байланып, бирөө бош калат. Кыркымчы шамдагай, күчтүү болууга тийиш. Кыркуу моюндан башталат жана куйрукка чейин жетип, оң жагын кыркып бүтөт, койлорду сол жагына оодарат, койдун бардык тарабынын жүнүн кыркып бүткөндө кыркым аяктайт. Кой кыркуу бүтүндөй бир өнөр болчу жана ар бир кыркымчыдан койдун жүнүн көп жоготуусуз алууну талап кылган. Кой кыркуунун шык-жөндөмү атадан балага өткөн, дал ушул кыркууну үйрөтүү аркылуу балдар жана өспүрүмдөр көчмөн кыргыз коомуна социалдашкан.

Койлорду кыркуунун тартиби жүндүн сапатына жана койдун жалпы ден соолугуна жараша болот. Адегенде төмөнкү класстагы койлор кыркылып, кийин кышта төлдөөчү тубар койлорго өтүшөт. Бул ошол мезгилде жүндүн түшүп кетишине жол бербөө үчүн жасалат. Андан ары өткөн жылдагы жаш козуларды (*токту, борук*), жазда төлдөчү тубарларды – (*токту, кой*), *ириктерди* жана *кочкорлорду* кыркышат.

Жазгы жүн (*даакы*) мыкты сапатка ээ, тазаланышы оңой, кооздолгон үстүнкү кийизди жана жүн жиптерди жасоого жарактуу.

Жүн аралашып кетпесин үчүн аны кылчыгына карап бөлүшөт. Изилденип жаткан мезгилде негизги чийки зат кыргыз тукумундагы койлордун кылчык жүнү болгон. Койлор чыдамкай, денеси чоң жана нык болгон, жүндөрү калың, ийри-буйру, катуу, кара түстө болгон. Жүндүн катуулугуна карабастан, андан ала кийиздер жана шырдактар жасалган, боз үй үчүн аркандардын жана боолордун көптөгөн түрлөрү жасалган.

Кыргыздар койдун жүнүн жогору баалашчу, анын бардык касиеттерин билишчү, жүнүн турмуштун дээрлик бардык тармагында колдонушчу, ага аяр мамиле жасашчу, жүнүн кыска, сапаты начар болсо ыргытышчу эмес, белгилүү бир ырым-жырымдар менен өрттөшчү.

**"Кийиз жасоо техникасы"** деп аталган экинчи бөлүмдө кийиз жасоо үчүн жүндү даярдоонун салттуу этаптары каралат: жүндү сабайт, тыта, зарыл болгон учурда боейт, жууйт жана кургатат.

Жүндү сабоо менен сабайт. Сабоо узундугу 1,2 – 1,5 м. келген ыргайдын, табылгынын бутагынан жасалат. Сабалган жүндү улам оодарып күнгө кургатышат. Кургаткандан кийин жүн толугу менен кийиз жасоого даяр болот.

Жүн токулган чийдин үстүнө эки катмар болуп, каршы-терши, текши салынат. Чий жайылып жаткан жүндүн четинен 10-15 см чыгат.

Кийизди ороонун технологиялык ыкмасынын архаикалык формасы сакталып калган. Төшөлгөн жүнгө ысык суу чачылат. Кыргыз уздары сүт азыктарынын ысык сары суусун да колдонушкан. Оролгон жүн үй өндүрүшүндө жасалган таар менен капталып, жоон аркан менен кайчылаш байланат.

Кийиз кириши үчүн аны тоголотуп тартуу, бут менен басуу керек, ал күчтү талап кылат, ошондуктан кийиз жасоого жөндөмүнө жараша балдар, эркектер тартылган. Басуу жыгач же металл чөмүчтөн ысык суу чачып туруу менен коштолот.

Кийизди чечип чийден чыгаргандан кийин да басуу талап кылынат, ошондуктан ал кайрадан оролот. Аялдар жеңин билегине чейин түрүп, чөгөлөп отуруп, бирдей кыймыл менен оролгон кийизди алга -артка тоголотуп билеги менен басат.

Кийизди агын сууга салып жууйт. Суу бардык кирди, майдын калдыктарын жууп кетирет.

Кийизди бир-эки күн чөпкө жайып күнгө кургатат. Бул бөлүмдө шырдактын негизи катары колдонулган бышык, калың, бир түстүү өрө кийизди жасоонун салттуу "нымдуу кийиз" ыкмасы каралды.

**"Кыргыздарда жана башка түрк элдериндеги кийиз жасоо техникасындагы окшоштуктар"** деп аталган үчүнчү бөлүмдө кыргыздардын жана Борбордук Азиядагы, Түштүк Сибирдеги жана Кавказдагы башка түрк элдеринин кийиз жасоодогу жалпы жана өзгөчөлүү белгилери ачып көрсөтүлөт. Кыргыздардын жана башка түрк көчмөн элдеринин этномаданий, этногенетикалык байланыштарынын көрсөткүчү болуп жасалган буюмдардын,

аспаптардын аталыштарынын жалпылыгы, үрп-адаттар менен ырым-жырымдардын окшоштугу, алардын турмуш-тиричиликтеги социалдык мааниси саналат. *"Кийиз"* термини кеңири белгилүү: кыр. - "*кийиз*", каз. – "*к іиіс",* түрк. – "*kigiz*", ж. б.

Эмгек куралы терминологиясында да жалпылык байкалат. Мисалы, *жүн сабоо* төмөнкү аталышка ээ: хакас. - "*сабас*"; казак. - "*шабактау*"; алт. – "*саба*", же "*түк сабары".* ; тыва. - "*шавар*"; түрк. - "*сау*"; якут. - "*сабаа*"; монг. - "*саваа*"; калм. – "*саба*".

Жүндү төшөөдө алтайлыктардын өзгөчөлүгү бул жерде чийдин ордуна калың кездемени, таар капты же эски кийизди колдонуу болуп саналат. Алтай кийизи кыргыз кийизинен айырмаланып, көлөмү кичине, дубалга илүүгө же эшиктин алдына төшөлүүгө ылайыкталган.

Казак текеметтери-бир катмардуу кийиздер, сапаттуу ак же кара жүндөн, тоголоктоо техникасында жасалат. Жүндү чийге (каз. - *ший*), тегиз жана тыгыз кылып төшөйт. Бул кийиздин үстүнө шүйкөлөнгөн жүндү салышат. Оюм-чийимдин так эмес," бүдөмүк " контурлары болгон, алар текеметке жеңилдик, жумшактык берген

Хакастарда кийиздин өзгөчөлүгү - жүнгө сүт азыктарынын ысык сары суусун чачуу. Басыш үчүн кийизди жыгач устунга ороп, жайлоого кое берилген атка байлап коюшкан. Хакас оюм-чийимдери кара жана ак жүндүн айкалышы менен алынат.

Кийизди басууда аны түрүп, таар менен каптап, аркан менен бекитилет. Алтай уздарынын өзгөчөлүгү таарды жувалдыз жана бекем жиптер менен тигишет. Чий жок болсо, кийиз эски кийизге оролгон. Баскандан кийин эски кийизден жаңы кийизди чыгарып алышат, бул ырым "*бала кийиз*" деп аталат.

Ногой коомунда кийиз жасоодо, шырдактардын технологиялык ыкмаларында жана максаттарында окшош өзгөчөлүктөргө бар. *Алабай кийиздери* деп аталган эки тараптуу кийиз килемдерди жасоонун технологиялык техникасынын бар экендиги жана таралышы тууралуу маалыматтар кызыгууну жаратты. Ногайлардын материалдык маданиятын изилдөөчүлөр З.З. Гузеева, Р. Ш. Зельницкаянын пикиринде, бул техника өндүрүш технологиясына караганда кийизден жасалган буюмдарды жасалгалоо ыкмасына көбүрөөк таандык.

Шырдак жасоо салтында шыруу техникасы эзелтеден бардык көчмөн коомдордо кеңири белгилүү болгон, буга "шырдак" термининин окшоштугу далил болот: мисалы, Кыргыз – *шырдак*, (*шырдамал*), казак – *сырмак* (*сырдак*); Алтай – *сырмаг*; Тува – *ширтек*; бурят – *ширдыг*, калмак – *ширдг*, Монгол – *ширмэл*. Шырдак термининин универсалдуулугу кыргыздардын коңшу түрк көчмөн уруулары менен тыгыз этномаданий, этногенетикалык байланыштарынын өнүгүшүн дагы бир жолу тастыктайт.

Кыргыз шырдактары менен Тува ширтектеринин өзгөчө белгилери алардын формасы жана өлчөмү болуп калды. Тик бурчтуу шырдактардан айырмаланып, ширтектер трапеция формасында болгон. Шырдактын жыгач дубалга караган кең жагы кийиз килемге туруктуулук берүү үчүн, шырдактын боз үйдүн тактай төшөмүнө бекем жабышуусу үчүн бир аз тегеректелди. Жалпы

өзгөчөлүктөр шырдакка гана мүнөздүү болгон бычууда жана шырууда байкалат, б.а. шырдак.

Казактардын салттуу кол өнөрчүлүгүндө тигилген оймо кийиздердин өңү боюнча классификациясы бар: мисалы, бир өңдөгү шырдактар "*ак-сырмак*" деп аталат, ак жана кара кийиздердин калдыктарынан жасалган – "*карала сырмак*", кызыл, күрөң өң басымдуулук кылган шырдактар "*кызыл сырмак"* же "*кызыл – ала сырмак*"деп аталат.

Тывалыктарда тигилген шырдактар-шердектер эки же үч катмар кийизден жасалып, жүн жиптер менен коздолуп тигүү ыкмасы менен бириктирилет. Эреже катары, бул шыруунун раппорту геометриялык оюм-чийимдей көрүнөт.

Алтай казактарында кудалашкан үй-бүлөлөр бири-бирине шырдак белек кылганда "*киіт сырмак*" деген түшүнүк бар. Башка сөз менен айтканда, шырдак абдан маанилүү белек, үй-бүлө жана нике аземинин бир бөлүгү болуп саналат.

Кыргыздардын башка этностор менен этномаданий байланыштарын эске алуу менен, бардык эле элдерде шырдакты коздоп шыруунун технологиялык ыкмалары өнүкпөгөндүгүн белгилей кетүү керек. Мисалы, ногойлордо кийизди шыруунун өз алдынча ыкмасы катары оюм-чийим шыруу дээрлик колдонулган эмес, шырдакты кооздоодо шоона оюм-чийимдери колдонулган.

Койдун жүнүнөн оймо-чиймелерди, же чала бышырылган кийиздин кесиндилеринен оюм-чийим түшүрүүнүн кеңири таралган ыкмасы кумандарга, алтайлыктарга, каракалпактарга, түркмөндөргө, азербайжандарга, ногойлорго жана башка этносторго белгилүү болгон.

Кыргыздардын жана башка коңшу түрк элдеринин материалдык жана руханий маданиятындагы этногенетикалык окшоштуктарды карап чыкканда көптөгөн жалпылыктар жана өзгөчөлүктөр байкалат. Кийиз жана шырдак жасоонун ар кандай ыкмаларынын кеңири таралышы кыргыздардын Борбордук Азия, Сибирь, Кавказ көчмөн уруулары менен этногенетикалык процесстеринин маданий байланыштарын, жалпылыгын айгинелейт.

Төртүнчү бөлүм "**Шырдак жасоонун салттуу ыкмалары** " деп аталып, төрт бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүм **"Шырдак жасоодо кесүү, шыруу техникасы"** деп аталат.

Салттуу шырдак байыркы техникалары менен белгилүү. "Шырдак" тердининин этимологиялык мааниси "шырык" – "сайма" деген сөздөн келип чыккан жана шырдак оюмунун ичинде бекемдиги үчүн кошумча шырылган кийиз буюмунун ушул түрүнүн мүнөздүү белгилеринин бирин билдирет.

Шырдак эки кийизден турат. Жогорку сапаттагы ак жүндөн жасалган жука калың кийиз, кызыл, көк, сары, күрөң түскө боелот. Боелгон кийизди кесээрдин алдында чебер ага оюм-чийим салат. Боелгон кийиздин төрт бурчтуу кесимин эки катмарга диагональ боюнча бүктөп кесип, бор же ак чопо менен боеп, ушул кесимдин жарымына гана сүрөт түшүрөт. Андан кийин, дагы бүктөп, оюмдун карама-каршы жагына басылышы үчүн кийиздин үстүнө бир нече жолу чабат. Аны ачып, уз кийиз кесилген жердин бүт аянтына бүткөн шырдак орнаментин алат.

Кийизди кесүүнүн технологиялык ыкмасы "кийиз оюу" деп аталат. Оюм-чийимди түшүргөндөн кийин, эки түстөгү кийизди кабаттап, оюм-чийимдин контуру боюнча кесе баштайт жана ажырап кыйшык кесилип калбашын көзөмөлгө алат. Туурасы 3 м жана узундугу 4 м болгон шырдакты кесүү үчүн эки сааттан ашык жумуш талап кылынат.

Кесүү куралыкатары кыска, өтө курч бычак же чоң, оор кайчы кызмат кылат. Атайын курч жана ичке бычак "кыңырык" деп аталат, анын мизинин узундугу болжол менен 8-10 см. Уздардын ар кандай узундуктагы бир нече курч бычактары болгон.

Окшош түрдүү түстөгү оймо-чиймелерди алуу үчүн карама-каршы түстөгү кийиздин эки кесилген бөлүгүн бири-биринин үстүнө коюп, б.а. ордун алмаштырып, четин бириктирип тигишет. Бириктирип тигип, тигишин көрсөтпөй түстүү шоона (*жээк жип*) менен тигип чыгуу “*жөрмөмө*” деп аталат. Көктөө жана тигүү жай, тыкан, ич жагынан, оюм-чийимдин бир четинен экинчи четине чейин жүрөт.

Ар кандай түстөгү эки кийизден жасалган оймо-чиймелерди кесүү менен, уз бир эле учурда эки шырдакты бириктирет, мында бир эле сүрөт биринчи бөлүгүндө фон катары, ал эми экинчи бөлүгүндө оймо катары жана тескерисинче боло берет. Кыргыз шырдактарынын оймо-чиймелери мотивдердин кайталанышына, алардын симметриясына негизделген, ошондуктан натыйжада бирдей окшош эки шырдак пайда болот.

Эки бирдей бөлүктөн турган чоң өлчөмдөгү бир шырдакты жасоодо бардык оймо-чиймелер симметриялуу жайгаштырылып, удаалаш алмашып, бир жабык көчөттү түзөт. Шырдактын бүткөн көрүнүшүн майда оймо-чиймелерди камтыган жана шырдактын периметри боюнча жайгашкан *жээк* берет.

Астынкы жоонураак, кылчыктуу кара жүндөн жасалган кийиз - *өрө кийиз* же *ичилик* деп аталат. Жогорку оюм-чийимдүү жана астынкы астар кийиз майда чекиттүү сызыктар түрүндө бир тигиш менен шырылат.

Шыруу технологиялык ыкмасы шырдакты айырмалоочу ыкма болуп саналат. Шыруу үчүн атайын ийикте даярдалган, жүндөн жасалган ичке жип (*шоона жип, учук жип*) колдонулат. Талаа изилдөөлөрү төөнүн жүнүнөн (*чууда*) жасалган шоона жиптерин колдонушканын көрсөттү. Шырууда тигиштердин ортосундагы бирдей аралык сакталат, ийне тик сайылып, арткы жана алдыңкы тигиштердин узундугу бирдей болот.

Шырууда жиптин түйүнү алдыңкы бетинде калат, бүткөндө жиптин учу шырдактын калың жерине сайылат, ошентип буюмда түйүн болбойт. Тигиштер ар түрдүү болот:" *шыруу", "жип салып шыруу"," кайып шыруу", "тепшип шыруу*", " *чычкан изи* " . "*Чычкан изи*" тигиши эң оор, майда, эң кооз тигиш болуп саналат, тигиштердин ортосундагы аралык 3-5 мм.

*Шырык* маанилүү технологиялык ыкма жана шырдактын кошумча элементи болуп саналат, негизги үлгүнүн контурларын ээрчип, оюм-чиймге көлөм берет. Шырык шырдактын үстүнкү жана астыңкы жагындагы үлгүсүнүн тактыгынан көрүнүп турган шырдактын жогорку сапатынын көрсөткүчү болуп саналат. Талаа изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, шырыктын

болушу Нарын облусунун шырдактарынын айырмалоочу өзгөчөлүгү болуп саналат, ал эми Ош облусунун Чоң-Алай районунда, Чүй облусунун Жайыл районунда дайыма эле боло бербейт. Шырдак жасоонун акыркы этабы-шырдактын ачык четтерин тигүү, жээктөө.

Шырдактын жогорку сапаты тыкан тигүү, экспрессивдүү оймо-чиймелер, тегиз четтери менен аныкталган, алар төмөнкү талаптарды аткаруу менен мүмкүн болгон: 1) сапаттуу кийиз, жип, боек жасоо; 2) шырдактын ар кандай бөлүктөрүн тигүү жана шыруу чеберчилиги; 3) оймо-чийменин коoздугу жана оригиналдуулугу. Бул көрсөткүчтөрдү бир шырдакта айкалыштыруу аны ошол аймакта кабыл алынган сапат стандарттарына ылайык деп таанууга негиз берет.

Экинчи бөлүм "**Жүн жиптерин даярдоо**" деп аталат жана анда жүн жиптерин жасоонун түрлөрү жана максаты, технологиялык ыкмалары каралат. Койдун, төөнүн жүнүнөн, эчкинин жүнүнөн жүн жиптерин жасоо түйшүктүү иш болгон. Үй шартында жүндөн жиптердин түрлөрү даярдалат. Жиптер жоондугу жана чыйратылгандыгы менен төмөнкүдөй айырмаланат: *бош жип; чыйратылган, эшилген жип; шоона жип, учук жип, жээк жип; түйдөк жип; кыл жип*.

Байыркы жана салттуу жип ийрүү куралы-кол ийик. Ийиктин таяк сымал жыгач бөлүгү бар, узундугу 30-35 см., диаметри 7-10 мм. жана жыгач таякчанын үстүнкү башынан 10-13 см аралыкта жайгашкан таш ийик башы бар. Ийик табылганын же башка бышык дарактардын түрлөрүнөн жасалган: табылганын түз бутактарын кесип, ысык күлгө салышат. Таяктын күйгөн кабыгы сыйрылып, тазаланып, сөңгөк жылмакай болгонго чейин сүрүшөт. Жогору жагында, учунан 2-3 см (ийиктин башы) тешик жасалып, узундугу 2 смдей болгон жука жыгачтан же чийден *ийиктин буйласы* салынат, ага жип оролот. Бул кичинекей буйла жиптин көп же аз чыйралышын жөнгө салат. Эгер жип жетиштүү чыйратылса, анда жипти андан чыгарып, ийик баштын астына түйдөктөйт. Кыргызстандын түштүгүндөгү талаа изилдөөлөрү ийиктин башка түрүн – буйласы жок ийик колдонуларын аныктады. Жыгачтын үстүнкү бөлүгүндө спираль түрүндөгү жол оюлуп, ага жип салынат, ийик ийрилип жүндөн керектүү калыңдыктагы жипти ийрийт.

Чыйратылган жиптин калыңдыгы анын кандай максатта колдонулушуна жараша болот. Боз үй үчүн боо жиптерин (*боо-чуулар*) жасоо үчүн жүн жиптин калыңдыгы 2-3 см, шырдак (*жээк жип*) үчүн жүн жиптер 0,3 смден 0,5 смге чейин болушу керек. Шырдак жасоодо кийиздин оюлган кесиндилерин тигүү үчүн ичке жиптер колдонулган, ал эми бул тигишти жашыруу үчүн үстүнөн диаметри 2 мм. ден 5 мм. ге чейин болгон эки кабат (оңго жана солго) эшилген жүн жиптер менен тигилген.

Шырдакты шыруу үчүн кара жүндөн колго ичке эшип даярдалган жип (*шоона жип, учук жип*) колдонулган. Бул жиптерди болжол менен 50-60см ден бөлүшөт да өзгөчө ыкма менен бир жиптен оңой тартыла турган түйүндөргө байланат. Андан кийин, темене өткөрүп кийизди шырыйт.

Шырдак тигүү үчүн жиптерди ийрүү жана эшүү процесси билгичтикти, чыдамкайлыкты, күч – кубатты талап кылат, анткени жүн жиптердин текши

калыңдыгына тигиштеринин тыкандыгы, кийиз шырдак килеминин кооздугу байланыштуу болот.

"**Жүндү, кийизди жана жүн жиптерди боео**" деген үчүнчү бөлүмдө боеонун технологиялык ыкмалары, кыргыздар колдонгон табигый өсүмдүк боекторунун жана минералдык заттардын өзгөчөлүктөрү каралат.

Изилденген мезгилде кыргыздар жергиликтүү өсүмдүктөрдөн табигый боекторду билгичтик менен алышкан, боеочу өсүмдүктөрдү жыйноо, кургатуу жана сактоо өзгөчөлүктөрүн жакшы билишкен. Өсүмдүктөр жайында, тамыры, сабагы жана жалбырактары гүлдөп турган мезгилде жыйналган.

Табигый боекторду кыргыздар көлөкөдө, жакшы желдетилген жерде кургатышкан. Кургатылган боек өсүмдүктөрү жыгач сокуда майдалашат. Андан кийин кездеме баштыктарга салып, боз үйдүн ууктарына илип, көлөкөдө сакташкан. Шырдак жасоо үчүн эң кеңири таралган түстөр кызыл, көк, жашыл, сары. Кара түстү алуу үчүн кара жүндү кошумча боек керек болчу.

Боео – уздардан көп убакытты жана чыдамкайлыкты талап кылган оор жараян. Боек оңбой узак убакытка сакталышы үчүн ага ачык таш кошушкан. Ачык таштын ордуна туз да колдонушкан.

Өсүмдүк боектору боектордун каныккандыгына жараша күчтүү жана алсыз болуп бөлүнөт. Күчтүү, каныккан боекторду көптөгөн өсүмдүктөрдөн жана дарактардан алышкан: *анардын кабыгы, жаңгактын сырткы кабыгы, өрүк дарагынын кабыгы, эмен.*

Алсыз боек берүүчү өсүмдүктөргө *марена, сары чөп, ромашка, жаңгактын жалбырактары, пияздын кабыгы, кургатылган карагаттын мөмөлөрү, малина* кирет.

Чыйратылган жипти боео үчүн очокто от жагылып, чоюн казандарда суу кайнатылат. Кайнагандан кийин "*кумарчак*" өсүмдүгүнүн майда тууралган жана кургатылган тамыры кошулат, андан кийин даярдалган боек салынат. Боектун жипчелерге жакшы жана тегиз кириши үчүн, жүндү, жипти мезгил-мезгили менен жыгач таякты колдонуп оодарып турат, бул учурда от өчпөй акырын күйүп турууга тийиш. Боео убактысы бир сааттан ашканда, боелгон жүндү казандан алып, чөп үстүнө жайылат. Боео процесси жай мезгилинде жүргүзүлөт, андыктан боелгон жүн, кийиз же жиптер тез кургайт, ошондуктан шырдак даярдоого же шырдакты шырууга дароо эле кирише берсе болот.

Төртүнчү бөлүм "**Кыргыз шырдагындагы оюм-чийимдин семантикасы**" деп аталат. Салттуу кыргыз кийизинин оймо-чиймелери төмөнкүдөй топторго бөлүнөт: зооморфтук (жаныбарлардын стилдештирилген сүрөтү), фитоморфтук (өсүмдүктөрдүн бөлүктөрүнүн сүрөтү), антропоморфтук (адамдын денесинин бөлүктөрү), геометриялык (сызыктар, үч бурчтуктар, ромбдор, меандр), космогоникалык (Күн, жылдыздар, свастика,), орнито-морфтук (канаттуулардын бөлүктөрүнүн сүрөтү).

Кыргыз оюм-чийимдери - салттуу көчмөн маданиятындагы уникалдуу көрүнүштөрдүн бири. Оюм-чийимге сыйкырдуу маани берилип, ал адамдарды жана алардын мүлкүн жиндерден коргоп, турмуштун оор шарттарында аларга

жардам берген, ошондуктан оймо-чиймелер кийимде, согуштук кийимдерде, боз үйдүн сырткы жана ички жасалгасында чагылдырылган.

Шырдакка түшүрүлчү оюулардын негизгилери жана алардын варианттары: *кочкор мүйүз, текеге мүйүз, аркар мүйүз*, кайкалак, тумарча, карга тырмак, ара тиш, ит куйрук, толкун ж. б.көчмөн кыргыздардын дүйнө таанымын көрсөтүүчү оюулар.

*Шырдактар* жана *ала кийиздер* болжол менен 3х1, 5 метрден 4,2х2 метрге чейинки төрт бурчтук формасында жана ортоңку талаасы жана жээги бар. Мындай жалпылык менен Кыргызстандын ар кайсы аймактарындагы шырдактар айрым жергиликтүү айырмачылыктарга ээ..

Алсак, бугу уруусунун өкүлдөрү топ болуп жашаган Ысык-Көл облусунда жүргүзүлгөн талаа изилдөөлөрү көрсөткөндөй, ортоңку талаасы ири оймо-чиймелүү жана кеңири жээктүү шырдактар үстөмдүк кылат. Түп районунун Талды-Суу айылынан табылган шырдактын узуну 3 м., туурасы 2,8 м., төрт өңдөн турат. Басымдуу фон – кызыл. Борбордук бөлүгүндө "Салбай оюму" үзгүлтүксүз *кочкор мүйүз* оюм-чийими менен туташкан. Оюм-чийимдин ичинде төмөнкү бөлүгүндө ромб менен бириккен 4 антропоморфтук сөлөкөт байкалат. Борбордук оюм, периметри боюнча туурасы 10 см болгон ак жана кара үч бурчтуктар түрүндөгү тасмага окшош *ара тиш* оюму менен капталган.Андан кийин туурасы 30 см болгон, кайталанып турган кызыл жана көк түстөгү кочкор мүйүз оюму түшүрүлгөн жээк орун алат.

"Кочкор мүйүз, аркар мүйүз, эчки мүйүз" сыяктуу абдан кеңири таралган шырдак оюмдарынын семантикалык мааниси көчмөндөрдүн негизги байлыгын – малды, токчулукту, үй-бүлө жана уруунун амандыгын билдирген. "Кочкор мүйүз" оюмун белгилүү окумуштуу К.И. Антипина ар тараптан изилдеген. Анын ою боюнча, бул оймо теги боюнча зооморфтук оюм, мал чарбасынын багытын чагылдырат, байыркы мезгилдерде пайда болгон, бүгүнкү күнгө чейин стилдештирилген түрдө сакталып калган. "Кочкор мүйүз" оюму жана анын түрлөрү кыргыздардын көчмөн турмушунда пайда болуп, андан ары өз атын сактап, Борбордук Азия элдеринин кол өнөрчүлүгүнө тарагандыгын ишенимдүү түрдө тастыктай алабыз.

Эки-экиден жайгаштырылган, төрт борбордук антропоморфтук оймолордун айкалышы "төрт жактуулук" деп түшүндүрүлөт - кыймылдагы жашоо же түбөлүк кыймыл, төрт элементтин белгиси: от, суу, аба, жер, жедүйнөнүн төрт багыты.

Кыргызстандын түштүгүндө "*бычак учу* " деп аталган "*ара тиш* " оюму бардык шырдактарда кездешет, анын терең семиотикалык мааниси бар. Изилдөөчүлөр А. Е. Фелькерзам, В.гГ Мошкова бул татаал жайгашкан оюуларды бир композицияга бириктирген эң кеңири таралган элемент экенине көңүл бурушкан. Аталыштан көрүнүп тургандай, *"ара тиш", "бычактын учу"* оюму коргоо, сактоо касиетине ээ. Бул үлгүдө "болмуштун кошмоктугунун" көрүнүшүн белгилей кетүү керек, бул эки карама-каршылыктын туруктуу биримдигин билдирет: жакшылык менен жамандык, күн менен түн, суук жана

ысык. Кыргыздардын аң-сезиминде бул *"жакшы, жаманды бирдей ойлон"* деген макал менен мүнөздөлөт.

Аталган аймактын көпчүлүк шырдактарынын жээгинде "толкун" оюусу бар. "Толкун" оюму сууну билдирет, уздардын пикиринде көчмөндөр үчүн ыйык мааниге ээ болгон Ысык-Көл менен байланышкан жана алар таза, тунук суулары бар "ыйык көл" деп түшүнүшкөн. Бул "*толкун*" оюусу жаратылышты, айлана-чөйрөнү чагылдырган белги болуп саналат жана Нарын жана Чүй облустарынын шырдактарында да кездешет.

Нарын облусунда салттуу кыргыз шырдактарын жасоонун борбору болгон "саяк" уруусунун шырдактарынын борбордук талаасы көбүнчө экиге тең бөлүнөт. Бул бөлүү дүйнөнүн кош жактуулук принциби боюнча жүргүзүлөт: оң жана терс, жакшы менен жаман, ак-кара.

Ат-Башы районунун Кара-Суу айылынан табылган шырдак чоң кызыгууну жаратты. Узундугу 5 м жана туурасы 2,5 м болгон чоң өлчөмдөрү менен айырмаланат. Ачык, кызыл, жашыл түстөр басымдуулук кылат, аларды ак, кара, сары өң толуктап турат. Шырдак үч чоң ромбдон турат, алар туюк бурчу аркылуу бириккен, ромбдордун ичинде төрт тараптуу "кочкор мүйүз" оюусунун вариациясы бар, Борбордук ромб кызыл түстө, эки каптал ромб жашыл түстө. Ромбдордун ортосунда бир эле "кочкор мүйүз" оюусунун башка вариациялары кызыл жана жашыл түстө кезектешип жайгашкан.

Геометриялык белгилердин ромб түрүндө чагылышы композицияда маанилүү роль ойнойт, чоң маанидеги жүктү көтөрүп турат. Археологиялык материалдарга таянып, байыркы доорлордон баштап, ромб сымал фигуралар түшүмдүүлүктүн, ургачылык башаттын символу деп айта алабыз. Ошол эле учурда, деп эсептелет ромб-дыйканчылык маданияттын элементи деп эсептелинет, анда көчмөн, мейкиндикти, туулган жерди, дүйнөнү субъективдүү кабылдоо аркылуу аны кийиз буюмдарында чагылдырат.

Ромбдордун периметри боюнча жайгашкан "ара тиш" оюусунун өзгөчөлүгү сары жана кара түстөрдөн тургандыгында. Белгилей кетсек, салт боюнча, "ара тиш" үлгүсү ак жана кара түстө гана жасалган. Бул жерде бул оюнун салттуу, классикалык жасалгасынан четтөө бар. Ичинде үч ромб бар борбордук тик бурчтук, ак жана кара түстөгү "Бычак учу" оюусу менен жээктелет. Жээктеги эки оюнун айырмачылыгы, эгер "араа тиш " оюму жогорку бурчу 90 градус болгон тең капталдуу үч бурчтуктардан турса, анда, "Бычак учу"оюму үч бурчтуктун тар бурчтарынан ( 45 градус) турат. С. М. Дудин жана башка изилдөөчүлөр "бычак учу" оюмунун маанисин коргоочу касиети бар деп карашкан. Кыргыздардын салттуу тиричилик бычагы – *маки*, көптөгөн эркектерде бар. Бычак күнүмдүк буюм болгон, татаал кырдаалда адамды коргой алган, коргоочу жана кайтаруучу күч катары ыйык мааниге ээ болгон.

Ош облусунда тейит, сары баргы, найман урууларынын арасында борбордук талаада көптөгөн чарчы фигуралар, тик бурчтуктар же ромбдор бар же алардын ичинде оймо-чиймелер жайгашкан шырдактар табылган. Чоң-Алай районунун Кара Мык айылында табылган шырдактарда басымдуулук кылган

негизги түстөр: кочкул кызыл, кызыл, ачык жашыл, кошумча түстөр-кара жана ак. Шырдак толугу менен тогуз чарчы фигура менен толтурулуп, кочкул кызыл жана ачык жашыл өңдөрдөгү "кочкор мүйүз" вариациясынын оймо-чиймеси түшүрүлгөн, шырдактын четине кара-ак түстө, туурасы 10 см болгон "Бычак учу" оюусу түшүрүлгөн. Үч борбордук чарчы фигурада, ромб оюусу түшүрүлгөн, ал эми капталындагы чарчы фигураларда, "кочкор мүйүз" оюусунун негизинде тегерек тартылган. Буга оюм – чийимдин негизиндеги сүйрү, ал эми ромбдор оюмдун негизиндеги кыйгач оюмда жетишилет.

Тыва элинин оймо-чиймелерин изилдеген окумуштуу С. И. Вайнштейн "кочкор мүйүз" оюусу көчмөн урууларда бири-биринен көз карандысыз пайда болгон деген пикирин билдирген. Оймо искусстводо, көчмөндөрдүн кол өнөрчүлүгүндө бара-бара өнүгүп, кочкордун башы менен мүйүзүнүн оймо-чиймесине айланып, түрдүү вариацияларга ээ болгон. Коздолгон чарчы фигуралар бири-бирине туурасы 5 см болгон "ара тиш" оюму менен биригип, шырдакка толуктук, симметрия жана коздук берет.

Ош облусунун Кара-Кулжа районунда кийизге оймо-чийме түшүрүлгөн түстүү боо салынган шырдактар табылган. Сунушталган классификацияда биз шырдактардын бул тобун өзүнчө бөлүп алдык, анткени алар түстөрдү тандоосу жана даярдоо технологиясы менен айырмаланат. Кийизге оюм-чийим түшүрүлөт, алардын чети түрдүү түстөгү жүн жип менен капталат. Оюуларынын чети түстүү шоона коюлбай шырылган шырдактар кезигет. Аталган шырдактардын оюм-чийимдери оюлбайт, бир чоң кийиз жасалып, ал кийизге тартылган оюунун сызыгы аркылуу ичке жүн жип менен шырылат.

Бул шырдактарда оюм-чийимдин " умай эне"," кайкалак", "карга таман" ж.б. у.с фитоморфтук, антропоморфтук мотивдер басымдуулук кылат. Кыргыз элинин исламга чейинки ишенимдеринде Умай Эне кудайы очоктун колдоочусу, аялдардын жана жаш балдардын коргоочусу болуп эсептелет. Умай Эне бейнеси илгерки заманда эле пайда болуп, учурда архаикалык мүнөзгө ээ болду. Азыр да Умай Эненин, Батма-Зууранын арбактарына аялдар кайрылып, сакаюуга үмүт кылышат.

"Сары өзөн" деп аталып, "солто" уруусу байырлаган Чүй өрөөнүндө шырдактар "кочкор мүйүз" вариациясы түшүрүлгөн чоң борбордук оюуга жана "ит куйрук", "толкун" оюмдары түшүрүлгөн туурасы 10-12 смге чейин коздолгон жээкке ээ. "Ит куйрук" оюму шырдактын жээгине салттуу түрдө жайгаштырылат. Оюунун мааниси - аңчылык сценасын берүү, ит аңчылыкка бара жаткан ээсинин атынын жанында сүйүнүп чуркап бaратат. Борбордук оюм-чийимдин четинде өсүмдүк мотивдери жайгаштырылат: үч, төрт жалбырактуу беде. Окумуштуу А. Е. Фелькерзам түркмөндөрдүн материалдык маданиятын изилдеп, "бүркүт изи" оюусун сүрөттөп, кыргыздар бул оймо-чиймени "беде гүлү"деп аташарын белгилейт.

Бардык стационардык аймактарда "курак-шырдак"деп аталган жамаачы техникасында жасалган чакан жана чоң өлчөмдөгү шырдактар табылды. Мындай шырдактар боелгон кийиздин калган кесиндилеринен даярдалып, курак шырдактардын орнаменттик системасында геометриялык фигуралар, түз

сызыктар басымдуулук кылган, "меандр" ыкмасы менен 90 градуска өйдө же ылдый бурулушу менен түз тигилген. Курак-шырдактардын болушу кийиздин калдыксыз өндүрүлгөндүгүн, кыргыздардын койдун жүнүнө, дегеле жаратылышка болгон акылман мамилесин күбөлөндүрөт.

Оюулардын композициясына ылайык, биз шырдактардын төмөнкүдөй классификациясын сунуштайбыз:

1). Борбордук аянт 3-4 чоң, же бурчтары менен бириктирилген 9-10 майда ромбдорго бөлүнгөн, алардын ичинде түсү боюнча симметриялуу оюу жана жээк - **Чарчы оюу**;

2). Борбордук талаа бир бүтүн, кайталанма оймо-чиймеден жана кенен жээктен турат - **Сүлп оюу**;

3). Борбордук талаа бир, үзүлбөгөн сүйрү оюудан жана жээктен турат-**Салбай оюу**;

4). Борбордук талаа эки симметриялуу, карама-каршы оюуга жана жээкке бөлүнөт-**Мааддай-тескей оюу**;

5). Борбордук талаа катар тизилген 4-5 тегерек же сүйрү оюуга жана жээкке бөлүнөт – **Табак оюу**;

6). Борбордук аянтта ар кандай түстөгү оюулардын бир нече түрү жана кенен жээк жайгашкан – **Түр оюу**;

7). Борбордук талаа шоона менен кооздолгон оюудан жана жээктен турат – **Ыскыт оюу**;

8). Борбордук фондо жаныбарлар, жаратылыш сюжети чагылдырылган жана жээк - Элес оюу;

9). Шырдактын Борбордук талаасы курак ыкмасы менен түшүрүлгөн геометриялык оюу жана жээк - **Курама шырдак.**

Оюунун башаты, айлана-чөйрөнү көркөм кабылдоонун кыргыздарда жана башка түрк элдеринде жаралышы архаикалык ишенимдерден жана сыйынуулардан келип чыгат. Шырдактарда чагылдырылган этностукк оймо-чиймелер дүйнө тааным жана маданий жана чарбалык каада-салттар, диний ишенимдер, чеберлердин, уз аялдардын көркөм көз караштары менен тыгыз байланышта.

**"Шырдактын кыргыз үй-бүлөсүнүн турмушундагы этносоциалдык мааниси**", деген бешинчи баптын биринчи бөлүмү **"Шырдак жасоого байланышкан каада-салттар жана ырым-жырымдар "** деп аталат.

